2-тиркеме
Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2021-жылдын 3-октябры
№ 720 токтомуна

**2021-жылы 28-ноябрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо эл аралык байкоочунун күбөлүгүнүн сүрөттөлүшү**

Эл аралык байкоочунун күбөлүгү – анын статусун күбөлөндүрүүчү документ.

Күбөлүк түстүү (ак) типтүү бланкта (эки тараптуу) 95х135 мм өлчөмүндө кыргыз, орус жана англис тилдеринде таризделет, анын реквизиттери үлгүдө (1-тиркеме) келтирилди.

Сол тараптагы үстүңкү бурчта Кыргыз Республикасынын Герби орун алган. Оң тараптагы үстүңкү бурчта БШКнын логотиби жайгашкан.

Ортосунда "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы" деген текст жайгаштырылган, төмөн жагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун логотиби жайгашкан.

Төмөн жагында күбөлүктүн номуру, аккредитация жөнүндө БШКнын токтомунун датасы жана номуру көрсөтүлөт, ошондой эле төмөнкү текст бар: "Эл аралык байкоочу", эл аралык байкоочунун фамилиясы, аты, атасынын аты жана кызмат орду көрсөтүлөт.

Андан кийин Кыргыз Республикасынын БШК төрагасынын колу коюлат, ал Кыргыз Республикасынын БШКсынын герб сүрөтү бар мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, бланктын төмөн жагында күбөлүктүн жарактуулук мөөнөтү жана аны колдонуу шарттары көрсөтүлөт.